# ОКУУЧУЛАРДЫН БАЙЛАНЫШТУУ КЕБИН ӨСТҮРҮҮДӨГҮ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

**АМАН КЫЗЫ БАКЫТГҮЛ**
biblionsu@rambler.ru

Бүгүнкү күндө келечек ээлеринин оозеки жана жазуу кебин бирдей өнүктүрүү маселеси педагогикалык жалпы жамаатынын милдети болуп эсептелинет. Бул иш алгачкы учурда кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин негизги бирден-бир иш аракети болмокчу. Улуу орус элинин окумуштуу-методисттери В.В.Голубков, М.А.Рыбникова, С.А.Смирнов, В.А.Никольский, Н.Е.Кутейникова, Ю.А.Озеров жана башкалар бул багытта көптөгөн методикалык багыттарды сунуштап, принциптерин көрсөтүп келишкен. Баланын кеп маданиятын өстүрүүгө багытталган иш-аракеттер тынымсыз жана ырааттуу болгон шартта өз натыйжасын бере тургандыктарын белгилешкен. Ошол эле учурда оозеки жана жазуу кебинин маданиятын үйрөнүү бир катар техникалык ыкмаларды билүүнү талап кыла тургандыктарын белгилешкен. Алар: план түзүүгө көнүгүү, баяндаманын же дилбаяндын композициясын туура ойлонуу, ырааттуулугун ишенимдүү алып баруу ж.б. Мындай көндүмдөргө ээ болуу техникалык ыкмалар менен гана ишке ашырылбастан, мазмундан, чыныгы таасирлерден келип чыга тургандыктарын өз эмгектеринде белгилешкен. Албетте, аткарыла турган тигил же бул тапшырмага алгач пландын так түзүлбөгөндүгү ойлордун чачкын аткарылышына алып келе тургандыгы белгилүү. Андыктан баланын оозеки жана жазуу кеп байланышын өстүрүүнүн мектеп практикасында кеңири колдонулган түрү – баяндама. Баяндама «маанисин өз сөзү аркылуу берген жазуу жумушу» [1, 245-б.] деген түшүнүктү билдиргени менен ал механикалык жумуш эмес, чыныгы чыгармачылык аракетти талап кылган эмгек.

Баяндама жаздыруу иши жалпы билим берүүчү орто мектептердин IV-VIII класстарында кеңири түрдө жүргүзүлөт. Окуучулардын өз оюн оозеки же жазуу жүзүндө кеңири жана ырааттуу баяндап бере алышына жетишүү мектептердин негизги милдети болсо, баяндама жазуу иши окуучулардын кебин өстүрүүдөгү жана сабаттуу жазуусундагы негизги маселелердин бири болуп эсептелинет. Баяндама жаздыруу аркылуу окуучуларды адабияттык окуу материалын терең түшүнүүгө көнүктүрүп, алардын чыгармачылык шык-жөндөмүн өнүктүрөт. Башталгыч класстардан башталып, IV класстан тартып системалуу мүнөзгө ээ болот. Ал эми жогорку класстарда дилбаян, доклад, рефераттар жазууга даярдоочу алгачкы кадам бул – баяндама, б.а. тексттеги ойду туура жана ырааттуу берүү.

Бул багытта окумуштуу К.Сартбаев «Изложение – диктант менен сочинениенин аралыгындагы жазуу иштеринин эң маанилүү түрү» [2, 245-б.] - деп белгилейт. Буга байланыштуу баяндаманын материалдары көркөм чыгармалардан, фольклордук материалдардан, илимий-саясий адабияттардан, күндөлүк басма сөз жаңылыктарынан болуу менен окуучулардын жаш жана класс өзгөчүлүктөрүнө жараша материалдын көлөмү жана мазмуну ар кандай болушу мүмкүн экендигин ырастайт. Жазуу жумушунун бул түрүнө адатта кыргыз тили сабагында гана басым жасалып келгендигин белгилөөгө болот. Андыктан адабият предметинен да ар кыл чыгармалардын негизинде улап, сүрөттөр аркылуу жана ошондой эле мугалим тарабынан берилген даяр сөздөрдүн, сөз айкаштарын сунуштоо аркылуу жаздыруу натыйжа бере тургандыгын колдонуп көрүү максатын көздөп отурабыз. Баяндаманын мындай түрлөрүн аткарууда окуучулар ар бир сөздү орду менен пайдаланууга, сүйлөмдөрдү синтаксистик жактан туура түзүүгө калыптанат. Системалуу жүргүзүлгөн баяндама окуучулардын орфографиялык жана пунктуациялык жактан сабаттуулугун арттырары жалпыга белгилүү. Албетте окуучуларга мындай баяндама жаздыруу үчүн алдын-ала ооз эки

көнүгүүлөрдү, суроо-жооптор аркылуу машыгууларды өткөрүү керек. Ансыз окуучулардын дароо эле ойдогудай баяндама жазып жибериши мүмкүн эмес.

Ушундан улам баяндаманы шарттуу түрдө экиге бөлүп кароого болот: 1.Ооз эки баяндама; 2. Жазуу түрүндөгү баяндама.

Баяндаманы жазууга киришүүгө чейинки даярдык иштер төмөнкү планда жүргүзүлгөнү максатка ылайык:

1. Тексттин мазмунуна карата мугалимдин багыт берүүчү кириш аңгемеси, тексттин окулушу, мазмундун түшүндүрүлүшү.
2. Сөздүк-орфографиялык даярдыктар: тексттеги мааниси түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү, жазылышы татаал (кыйын) болгон сөздөрдүн жазылышын көрсөтүп, доскага жазып коюу.
3. Баяндаманын планы (текст экинчи жолу окулгандан кийин анын мазмунун тийиштүү ырааттуулукто камтыгандай кылып баяндаманын планы түзүлүп, доскага жазылат).
4. Тексттин мазмунун план боюнча 2-3 балага оозеки айттыруу, кемчилигин оңдоо» [3, 7-б.].

Жазуу жумуштарынын ичинен баяндама жүргүзүү – окуучулардын кабыл алуусун, текстти түшүнүүсүн, ой жүгүртүүсүн, стилин калыптоодо өтө чоң мааниге ээ.

Баяндама өткөрүү методикасы илим катары өткөн кылымдын 60-жылдарында колго алына баштаганына карабастан бул багыттагы айрым көйгөйлөр бүгүнкү күнгө дейре кездешип келет. Методист А.Садабаев «Изложение өткөрүүнүн методикасы» [4, 6-б.] деген эмгек жазып, анда жазуу ишинин бул түрүнө жалпысынан орус методисттери айткан ойлорго баа берип, анализ жүргүзүп, изложениенин төмөнкүдөй түрлөрүн аныктаган:

- көнүктүрүүчү изложение;
- сүрөт боюнча изложение;
- баяндама изложение;
- кыска изложение;
- кеңири изложение.

Методист аталган китебинде изложениенин ар кандай түрлөрү, этаптары, формалары кандай болорун ачып берүү менен изложение жазуунун методикалык ыкмаларын жана жолдорун сунуш кылат.

5-8-класстар үчүн «Изложение тексттеринин жыйнагы» жарык көргөн. Китепте жазуу ишинин бул түрүнө төмөнкүдөй аныктама берилет: «Изложение деп укканды же окуган текст же тексттин бир бөлүгү боюнча автордун негизги оюн, окуяны жана алардын байланыштуулугун, каармандардын мүнөзүн, айлана-чөйрөлүк шартты бузбай кат (жазуу иши) аркылуу баяндоону, б.а. кайра айтууну айтабыз» [5]. Демек, авторлор изложениенин башкы белгиси катары бирөөнүн тексттин бузбай кайра баяндоону көрсөтөт. Негизинен туура болгон менен, бирок дайым эле андай боло бербейт. Бул пикирди ээрчисек анда изложениенин функциясы бир топ тарып калат, б.а., айрым бир учурда атайын максатта автордун оюу бузулуп, стили башкачаланып да айтылып жүрөт.

Ошон үчүн баяндаманы кыргыз тили сабагында да, кыргыз адабияты сабагында да өткөрүү ыкмасын сунуштап келебиз. Эксперименталдык тажрыйбалар, педагогика илимин, окутуу методикасын, мектептерди изилдөөбүз баяндамалар боюнча төмөнкүдөй маселелердин кетип жаткандыгын көрсөттү:

1. Мугалимдер, методистттер арасында баяндама жүргүзүү кыргыз тили сабагынын гана милдети, кыргыз адабиятынан жүргүзүүгө болбойт деген көз караштын басымдуулук кылышы.

2. Кыргыз адабияты программасында сааттарды жазуу иштерине деп гана бөлүп коюп, ал жерде баяндамалардын конкреттүү көрсөтүлбөгөндүгү.

3. Адабият окуу китептеринин методикалык аппаратында (суроо жана тапшырмаларда, кайталоолордо) дээрлик изложение жазуу тапшырмаларынын берилбегендиги, берилсе да анда-санда гана экендиги.

4. Кыргыз адабияты сабактарында колдонуу үчүн изложениелер жыйнактарынын ар кыл варианттарда чыкпагандыгы.

5. Изложениелер боюнча методикалык колдонмолордун жоктугу, болгондорунун да кыргыз тили предметине гана ылайыкташтырылгандыгы.

6. Кыргыз адабияты сабактарында изложение жазуунун ишке ашырылбагандыгы, жазуу иштерине бөлүнгөн сааттардын негизгиси дилбаяндарга гана бөлүнгөндүгү.

7. Деги эле окуу программасында жазуу иштерине саattардын аз бөлүнгөндүгү.

8. Тексттерди талдоо, үйрөнүү, түшүнүү учурунда изложениелерди пайдаланбагандык.

9. Изложениени алууда жана баалоодо бирдиктүү эрежелерди сактабагандык, бул багыттагы баш аламандык жб. ж.б.

Жыйынтыктап айтканда келечек ээлерин мектеп партасынан тартып алардын сабаттуулугун, маданиятын арттыруу ар бирибиздин милдетибиз. Бул багытта алардын байланыштуу кебин өстүрүү учурдун актуалдуу маселеси болуп эсептелет. Андыктан бул багытта көптөгөн иштерди аткаруу, методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу жагын колго алышыбыз керек.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Ф.:1969
2. Сартбаев К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф., 1971
3. Бердибаев Э., Шамбаев С. Изложение тексттеринин жыйнагы. – Ф.: 1976
4. Садабаев А. Изложение өткөрүүнүн методикасы. – Ф., 1966
5. Адиев Ш., Садабаев А., Кармиев Ү. Изложение тексттеринин жыйнагы. 5-8-класстар үчүн. – Ф., 1967